КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ЫРДЫК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЫРДЫК АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

ЫРДЫСКОГО АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫРДЫКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ЫРДЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШТЫН КЕЗЕКТЕГИ 2 СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О М У

"28" 07 2022 № 23 Алкым айылы

**Ырдык айыл аймагындагы "Достук-Суу" суу пайдалануучулар ассоциациясынын ирригациялык,дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын муниципалдык менчикке алууга макулдук берүү жөнүнө.**

Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларынын 2021-жылдын 10-декабрындагы Суу Кодексинин №151 мыйзамынын 16- беренесине ылайык, Ырдык айыл аймагында "Достук"суу пайдалануучулар ассоциациясынын Кеңешинин №1 протоколу жана зоналдык өкулдөр жыйынынын №2 протоколунун негизинде Ырдык айылдык Кенеши " Достук " суу пайдалануучулар ассоциациясынын ички чарбалык ирриггациялык, дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын Ырдык айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикке алуу боюнча карап, таанышып Ырдык айылдык Кеңеши **т о к т о м к ы л а т:**

1. Айыл аймактагы ички чарбалык ирригациялык,дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.

2. Ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчиктин обьектиси катары реестрге киргизилсин.

3. Сугат сууну берүү боюнча маселелерди жергиликтүү маанидеги маселелер катары чечүү чыгымдарды жергиликтүү бюджетинен каржылансын ал эми ирригациялык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акынын наркы субсидий катары берилсин.

4.Ирригацияны өнүктүрүү боюнча Ырдык айыл аймагынын прграммасы иштетилип чыксын.

5.Токтом айыл өкмөтүн сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдө жагы айыл чарба боюнча туруктуу комиссияга жана айыл өкмөт башчысы М.Султановко милдеттендирилсин.

Төрагасы С.Календеров